**БЕКИТЕМИН**
Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
_______________ Б.Б. Зулуев
«___»_______________ 2021-ж.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын № 11 протоколунун

## КӨЧҮРМӨСҮ

Ош шаары 28-июнь, 2021-жыл

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01)
2. Сатарова А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02)
3. Муратов А.Ж. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02)
4. Мадраимов С.М. - педагогика илимдеринин кандидаты, профессор (13.00.02)
5. Мондошов Ш.Н. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02)
6. Миңбаева К.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02)
7. Төрөшов Т.К - педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02)
8. Арынбаев Э.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02)
9. Абдывасиева З. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02)
10. Турдубаева К.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02)
11. Даминова И. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)
12. Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)
13. Рахматуллаева М.Дж.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)
14. Абдулахамидова Б.Н. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)
15. Байышова Г.Ж. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)
16. Келдибай к Майрам - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.20)
17. Джумаева Ж.Т. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.02)
18. Мусаканова М. - улук окутуучу;
19. Кадырова Т.К. - улук окутуучу;
20. Ысакова М.А. - улук окутуучу, магистр
21. Умарова Р. Н. - улук окутуучу, магистр

| | |
|---|---|
| Жыйындын төрагасы: | Зулуев Б.Б.., педагогика илимдеринин, доктору, профессор, ОшМПУнун ректору. |
| Жыйындын катчысы: | Абдулахамидова Б.Н. - ОшМПУнун музыкалык-педагогикалык факультетинин педагогика жана психология кафедрасынын доценти. |

## Күн тартибинде:

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин изденүүчү Ж. Шербаеванын 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темада жазган диссертациялык ишин талкуулоо.

**Угулду:**

Зулуев Б.Б. (*жыйындын төрагасы, п.и.д., профессор):* Урматтуу кесиптештер, «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын баяндамасын угабыз.

Регламент – 15 мүнөт.

**Илимий жетекчиси** – п.и.д., профессор Муратов А.Ж.

**Изденүүчү Шербаева Ж.Р.**

Урматтуу Төрага! Урматтуу кеңейтилген жыйындын катышуучулары! Менин п.и.д., профессор А.Ж. Муратовдун жетекчилиги астындагы «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темам 2013-жылдын 25-ноябрында ОГПИнин окумушутуулар кеңешинин №2 протоколунун негизинде бекитилген.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Учурдагы ааламдашуу жана гумандаштыруу маселеси окуу процессин интенсивдештирүү, аны ата мекендик жана дүйнөлүк маданий фактылар жана реалдуулуктар менен байытуу, көркөм чыгармаларды кабылдоодо ассоциацияларды кеңири колдонуу көйгөйүн окумуштуулардын жана мугалимдердин алдына койду.

Фольклордук чыгармалардын бир формасы катары кыргыз эл жомоктору өзүндө бийик моралдык принциптерди, адеп-ахлак баалуулуктарын, элдин эстетикалык идеалдарын алып жүрөт. Мектепте кыргыз эл жомогун окутуу мектептеги маанилүү көйгөйлөрдүн бири болгон билим берүүнү гумандаштырууну – өсүп келе жаткан муундун көңүлүн улуттук маданияттын жана искусствонун булактарына буруу маселесин чечет.

Дүйнөнүн өзгөчө, образдуу модели катары жомоктор башталгыч класстын окуучулары үчүн жакын жана түшүнүктүү келет. Башталгыч класста адабий чыгармаларды окутуу проблемасы бир катар методисттердин эмгектеринде (Б.А.Абдухамитова, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов ж.б.) теориялык жана практикалык жактан изилденген.

Ал балдардын ашыкча маалыматты билиминин жетишсиздиги шартында ийгерүүсүнө жардам берет. Балдардын интеллектуалдык, эмоционалдык-психологиялык өнүгүүсүнө жагымдуу таасир этүү менен жомоктор өз өлкөсүнүн мекенчилдерин тарбиялоого өбөлгө түзүү менен, туруктуулук, чынчылдык, оптимизм, боорукердик, адамгерчилик, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды калыптандырууга жардам берет.

Кыргыз эл жомокторун окутуу боюнча илими-методикалык аспектидеги изилдөө иштери буга чейин да жүргүзүлүп келген. Алсак, К. Иманалиевдин «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976-ж.) китебинде фольклордук сюжеттерди, образдарды пайдалануу аркылуу жазылган көркөм чыгармаларда (А.С. Пушкиндин «Руслан жана Людмила»,

Орто мектептеги окутуу процессине жүргүзүлгөн көп жылдык байкоолор көрсөткөндөй, башталгыч класста мугалимдер кыргыз эл жомоктору тууралуу окуучулар башталгыч класстарда алган маалыматты, айталы, анын мазмунун (жакшылыктын жамандыкты жеңгени, жакшылыкты, эмгекчилдикти, ишенимди даңазалоо), кереметтүү башаттын ролу тууралуу, баяндоонун өзгөчө кереметтүү ыкмаларын (башталышы, соңу, туруктуу түрмөктөрдүн болушу) гана кайталаган учурлар көп кездешет. Ал эми, кыргыз эл жомокторун окутууда терең, ойлонуштурулган жана максаттуу багыттуу иш жасалышы керек. Бир жагынан, материалды системага салуу менен балдарга кыргыз эл жомокторунун мазмунунун жана формасынын өзгөчөлүгүн таанууга жардам берсе, ал эми экинчи жагынан – бул иштин жүрүшүндө жомоктордун мазмунундагы жана формасындагы жалпы улуттук жана типологиялык белгилерин аныктоо зарыл.

Аталган маселенин практикалык чечилиши улуттук маданиятты таануу аспектисинде фольклордук чыгармаларды изилдөө маселесин илимий негиздеген жана иштеп чыккан адабият таануучулардын, философтордун, психологдордун, эстетиктердин, дидакттардын, окумуштуу-методисттердин эмгектери менен байланышкан. Жогоруда аталган окумуштуулардын эмгектерин изилдөө, ошондой эле азыркы учурда мектептерде адабий билим берүү тажрыйбасына байкоо жүргүзүү кыргыз эл жомокторун окутуу маселесин теориялык жактан негиздөө жана методикалык аңдоо зарылдыгы идеясын алып чыгууга мүмкүндүк берди.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жана алардын себептерин чечүү биздин изилдөөбүздүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деп атадык.

**Изилдөөнүн максаты** – башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду бүгүнкү заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

•мектептин 1-4-класстарында жомокторду окутуунун абалын, бул боюнча окуучулардын билиминин сапатын жана деңгээлин тактоо;

•изилденип жаткан проблемага байланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жакшыртуунун жолдорун табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;

•башталгыч класстар жомокторду үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу;

•иштелип чыгып, сунуш кылынган адабий-методикаларды окутуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн объекти** – жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» предметин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – «Адабий окуу» предметиндеги жомокторду окутуу иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** «Адабий окуу» предметинде жомокторду окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыкты: жомокторду башталгыч класстарда окутуунун эволюциясы, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениш тарыхы атайын максатта талдоого алынды; жомокторду башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлдү; жомокторду окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары анализденди; «Адабий окуу» предметинде жомокторду компетентүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, оптималдуу жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

1. Адабий окуу предметинин программасынын жана окуу китептеринин жомокторго тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.
2. Адабий окуу боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт.
3. Башталгыч класстарда жомокторду окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт.
4. Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат.
5. Адабий окуу предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

**Жыйындын төрагасы:** Изденүүчүнүн баяндамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор бар болсо берсеңиздер.

## ТАЛКУУЛООНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОР БЕРИЛДИ:

**Мадраимов С. М. , п.и.к., профессор:** Башталгыч класстарда жомокторду окутуунун кандай методологиялык -дидактикалык таянычтарын пайдаландың?

**Изденүүчү:** Сурооңузга чоң рахмат. «Методология» грек сөзүнөн алынган, «methodos» – таанып билүү же изилдөөнүн жолу, теория, окуу, «logos» – сөз, түшүнүк дегенди билдирет. Ал – ишмердүүлүктүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдору жана каражаттары жөнүндөгү окуу; илимдин методологиясы – илимий таанымдын түзүлүү принциптери, формалары жана ыктары жөнүндөгү окуу.

Тагыраак айтканда, ал:

- теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын, жолдорунун системасы;
- таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу;
- тигил же бул илимге колдонуучу бардык методдордун жыйындысы.

Методологиянын пайдаланышына байланыштуу: гносеологиялык (а), алдын ала билүү, айтуу (б), кайра түзүү (в) жана уюштуруу (г) милдеттери бар.

Илимде методологиянын иерархиясы бар экендиги да таанылган. Илимдин структурасында төрт деңгээл бөлүнүп көрсөтүлөт:

1. философиялык
2. жалпы илимий
3. конкреттүү-илимий
4. технологиялык.

Методологиянын бардык деңгээли белгилүү учурларда бири-бирине багынып турат жана татаал системаны уюштурат.

Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү аракетин ичине алган методология абстрактуу түшүнүктөрдөн эмес, үйрөнүү ишмердүүлүгүн ичине алган окуу жана аны ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык үйрөтүү, машыктыруу жараянын боюна сиңирген окутуу сыяктуу айкалышкан конкреттүү ишмердүүлүктөн турат. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү, аны ар бир окуучуга жеткире түшүндүрүү адабият мугалиминин эле эмес, окуучунун да философиялык ой жүгүртүүсүн, логикалык кабылдоосун, көркөм чыгарма сүрөттөп берген турмуш чындыгын өздөштүрүүдө таанып-билүү аракетин талап кылат.

Демек, методология методдордун жыйындысы, таанып-билүүнүн илимий жолун көрсөтүүчү система, бул же тигил эмгекти жазууда, бул же тигил ой-пикирди айтууда таяныч боло турган, мурда практикадан өткөн изилдөөлөр, теориялык жоболор.

**Мондошов Ш.Н., п.и.к., доцент**: Башталгыч класстарда жомокторду окутуунун абалын жана деңгээлин аныктоонун кандай илимий методдорду пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Сурооңузга чоң рахмат. изилдөөбүздүн обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан педагогикалык изилдөө усулдарын колдонуу менен эксперименталдык тажрыйба иштерин жүргүздүк.

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата классификацияланат. Алардын биздин изилдөөбүзгө тиешелүүсүн анализдеп көрөлү.

**Жеке усул –** бул белгилүү бир ыкмалардын, эрежелердин, объектерди өздөштүрүү боюнча сунуштардын, көрүнүштөрдүн, далилдердин топтому. Мында өздөштүрүү түшүнүгү сезимталдуу жана рационалдуу таанып билүү катарында кабыл алынат. Тигил же бул усулду жеке усулдар түзүмүнө кошуу анын колдонуу чөйрөсүн чектөөнү билдирбейт. Жеке усулдун төмөнкүдөй түрлөрү бар: байкоо, өлчөө, сүрөттөө, салыштыруу, тажрыйба жүргүзүү

Жеке усулдан айырмаланып жалпы усулдар изилдөө процессинин жүрүшүндө, ар башка илимдерде колдонулат. Жалпы усулдар эки чоң топко бөлүнөт: изилдөөнүн эмпирикалык усулу жана теориялык усулу.

**Эмпирикалык усул** – изилдөөнү уюштуруу; тажрыйбага негизделген маалыматтарды чогултуу; (байкоо, сурамжылоо, моделдештирүү ж.б.)

**Сатарова А. , п.и.д., профессор:** Башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн формалары жана методдорун ишке ашыруунун кандай кадамдарын сунуштоого болот?: Бул менин биринчи суроом

**Изденүүчү**: Сурооңузга рахмат. Башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн формалары жана методдорун ишке ашыруунун төмөнкүдөй кадамдарын сунуштоого болот:

*а) Даярдык*

Мында төмөндөгүдөй кадамдар жасалат:

-ар түрдүү көнүгүүлөрдү аткаруу менен окуучулар кайсы түшүнүктөрдү бышыктап алышы керек экендигине жараша тапшырмаларды тандап аласыз;

-тапшырманын түзүлүшү сиздин классыңыздын деңгээлине ылайык келээр келбесин аныктайсыз. (Тапшырманы аткаруу үчүн Сизде материалдык ресурстар барбы жана окуучуларыңыз аны аткаруу үчүн жетиштүү маалымат алганбы?)

Бул мүмкүнчүлүктөрдүн бар экендигин аныктагандан кийин сиз ушул тапшырма класста кандай аткарыларын ойлонуштурушуңуз керек. Ошентип Сиз окуучуларыңыздын жообун жана өзүңүздүн жообуңузду алдын ала биле аласыз.

*б) Окуучуларга көрсөтмөлөр.*

Окуучуларга иштин максатын түшүндүрүңүз (алар эмнени жана кантип аткарууга аракеттениши керек). Иштөө тартибин жана тапшырманы аткарууга бөлүнгөн убакытты белгилеңиз. Мында төмөндөгүдөй жакшы ыкманы колдонсоңуз болот: туш келген эле окуучудан (айрыкча мугалимдин айткандарына анча деле көңүл бөлө бербеген балдардан) тапшырма боюнча нускоону бүтүндөй класс үчүн кайталап бер деп өтүнсөңүз болот.

*в) Топтордун курамын аныктаңыз (кимдер экиден, кимдер үчтөн же төрттөн болуп иштейт).*

*г) Окуучулар иштей башташат.*

Анан сиз класстын төрүнө барып бир аз күтө турасыз.

*д) Топтордун ишин контролдоо.*

Эгер окуучуларыңыз бир нерсени түшүнбөй жатса, бүтүндөй класска же айрым бир топко башкача багыт беришиңиз керек болушу ыктымал. Эгер бардык топтор жакшы иштеп жаткан болсо, анда сиз алардын бирине катышуучу катары (мугалим катары эмес) кошулсаңыз болот.

*е) Чакан топтордогу талкууну бүтүрүү.*

Бөлүнгөн убакыт аяктаганда же окуучулар тапшырманы эрте эле аткарса, ал эми өзүңүз талкууну андан ары уланта берүүнүн кажети жок деп эсептесеңиз, класстын көңүлүн өзүңүзгө буруңуз.

*ж) Жыйынтык /тыянак чыгаруу этабы.*

Мугалим топтордон өздөрүнүн тыянагын ачык айтууну жана бардыгы макул болгон жалпы моменттерди белгилөөнү өтүнөт. Бирок мугалимдин бул жердеги эң маанилүү ролу – окуучулардан алар эмне үчүн башкача эмес дал ушундайча ойлонуп жаткандыгын сурап туруу. Муну көбүнчө класста карама-каршы пикирлер айтылган учурда колдонсо ыңгайлуу болот.

**Сатарова А. , п.и.д., профессор:** Экинчи суроом, компетенция жана компетенттүүлүк деген эмне?

**Изденүүчү**: Суроонузга рахмат. Компетенция - бири-бирине байланышкан инсандык сапаттардын (билим, жөндөм, көндүм, ишмердүүлүктүн түрлөрү) белгилүү предметтердин чөйрөсүнө жана аларга болгон мамиле процессинде зарыл продуктивдүү ишмердүүлүк үчүн мамилени өз ичине камтыйт.

Компетенттүүлүк – өздөштүрүлгөн эффективдүү стратегиялардын эсебинен ийгиликтүү ишмердүүлүктү камсыздоочу интегративдүү инсандык ресурс.

Компетенттүүлүк – латын тилинен алынып, «шайкеш, туура келүү» дегенди туюндурат. Адамдын белгилүү бир кырдаалда, чөйрөдө кандайдыр бир адистиктер боюнча билим, ыкма, билгичтиктерге ээ болуусу, алар аркылуу турмушта жемиштүү ийгиликтерге жетишүүсү.

**Келдибай к Майрам ф.и.к., доцент:**
Экспериментти кайсы класстарда өткөрдүңүз жана анын жыйынтыктары кандай болду?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Ош шаарынын №5 Ж.Бөкөнбаев атындагы мектеп-гимназиясы, № 17 Ю. Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Ш.Жээнбеков атындагы интернат-лицейи, Чоң-Алай районундагы Алайчы уулу Саид атындагы инновациялык мектеби, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы №9 Т.Жоробаев атындагы орто мектеби, Баткен облусундагы Ж. Байжигитов атындагы жалпы билим берүү

мектептеринин 2-4-класстарында өткөрүлдү. Анын жыйынтыктары диссертацияда чагылдырылды.

**Төрөшов Т.К., п.и.к., доцент:**

-Личностун эркиндиги деген эмнени түшүнөсүз?

-Диссертацияда берилген окуучулардын пикири аябай жакшы. Алардын жоопторун жалпы божомол менен алдыңызбы же такпы?

**Изденүүчү:** Таалай Кубатович суурооңузга ырахмат.

- Эркин ой жүгүртө билген, жүрүш-турушуна өзү көзөмөл жүргүзө билген, жасаган ишин анализдей алган, жекече ой пикири бар аң сезимдүү инсанды эркин личность деп түшүнөм.
- Диссертациядагы окуучулардын руханий адеп-ахлактык түшүнүктөргө берген жооптору божомол деп айтууга болот. Анткени ар бир окуучу менен жекече аңгемелешкенде так жоопторду алуу кыйыныраак болду.

**Джумаева Ж. Ф.и.к., доцент:** Метод менен методологиянын өзгөчөлүктөрү кандай деп ойлойсуз?

**Изденүүчү**: Суроонузга рахмат. Метод – окуу процессин ишке ашыруучу ыкма. Ал эми методология – илимий изилдөөнүн алгачкы негизги жоболору.

**Абдывасиева З.А., п.и.к., доцент**: Адабий окуу сабагынын негизги максаттары кандай жана кайсыл предметтер менен байланышта окутулат?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Адабий окуу сабагынын негизги максаттары бири окуучунун эне тилинде кенен ой жүгүртүүсүн өстүрүү, кеп байлыгын көбөйтүү аркылуу байланыштуу кебин жана сүйлөө маданиятын калыптандыруу болгондуктан, ал сөзсүз түрдө өзүнөн башка бир катар окуу предметтер менен байланышта өтүлөт. Атап айтканда, 2-класста төмөндөгү предметтер менен байланышта өтүлсө болот. 1. **Кыргыз тили предмети менен.** Мында адабий тексттерди окууда, ал боюнча сүйлөп берүүдө жана жазуу иштеринде эне тилинде таза, так, эреже менен туура, логикалуу, көрктүү, бай сүйлөө жана жазуу иштери талап кылынат. Тексттеги сөздөрдүн маанисин, маңызын чечмелеп, тексттеги алган ордун талдашат. Зат, сын, сан, ат атоочторго көркөм тексттерден мисал алып талдашат, андагы кыймылды, анын түрлөрүн билдирген сөздөрдү кандай колдонулганын билишет, тексттердин сүйлөм түзүлүштөрүн да иликтеп билип, өздөрү сүйлөм, текст түзүүдө ушул үйрөнгөндөрүн пайдаланышат.

**2. Мекен таануу предмети менен**. Мында кыргыз жери, эли, тоолору, көлү, суулары, табияттын кооз жерлери, кыргыздын белгилүү жерлери тууралуу тексттерди окуп-үйрөнүүдө сөзсүз түрдө Мекен таануу предметиндеги ушул мазмундагы тексттер менен мазмундук жактан байланышта өтүлөт. Тексттерди талдоодо Кыргызстандын картасын пайдаланып, кыргыз тоолору, көлдөрү, суулары, белгилүү жерлери тааныштырылат.

**3.Сүрөт сабагы менен.** Анткени жогоруда айтылган тематикадагы тексттер менен бирге, адабий каармандардын портрети жана иллюстрациялар менен тааныштырууда сөзсүз сүрөттөр пайдаланылат, окуучулардын өздөрү да керектүү

сүрөттөрдү издеп таап, сабактарда пайдаланышат, ал гана эмес,сүрөткө шыктуу балдар өз алдынча сүрөт тартышса да болот.

**4.Ыр сабагы менен.** Мында адабий окууда үйрөнгөн ырлардын обондору болсо аларды сабактар үндүн коштоосунда ырдашса болот. Адегенде эле КРнын Гимни ырдаларын эске алсак, тексттердин тематикасына ылайык башка обондуу ырлардан, мисалы, мекен, эл, Ата-Тоо, Ысык-Көл, эне тил, ата-эне ж.б. тууралуу да ырларды кошумча угуп, сабактын мазмунун арттырса болот. Ал үчүн техникалык каражаттарды, үн жазууларын, дисктерди ж.б. колдонсо максатка ылайык келет. 5.**Математика сабагы менен.** Мында элдик жомоктордогу, табышмактардагы, жаңылмачтардагы сандык түшүнүктөрдү окууда, жаттоодо, бат айтып тил жатыктырууда, маанисин талдоодо математикалык түшүнүктөр да катышпай койбойт. Ошондуктан, ал учурда математикалык түшүнүктөрдү туура айтып үйрөнүүсүн бышыктоого болот.

**Жыйындын төрагасы:** Азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенттерине берилет.

## ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР:

**Сатарова А.., п.и.д., профессор:** Мен диссертацияны абдан кылдаттык менен окуп чыктым. Тема актуалдуу. Илимий-теориялык маалыматтарга бай, диссертант аябай эмгектенген, ынанымдуу жазылган. Диссертациялык иштин мазмундук структурасы ырааттуу түзүлгөн. Илимий иш негизинен үч баптан турат.

1-бап “Башталгыч класстардагы адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор” деп аталып, ал 3 параграфтан турат. Анда темага байланыштуу илимий-теориялык аныктамаларга, жоболорго анализ жасалат.

2-бап “башталгыч класстарда жомокторду окутуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору ” деп аталып, ал өз ичине 2 параграфты жана 2 параграфты камтыйт.

3-бап “адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы” деп аталуу менен ал 4 параграфтан турат. Аталган бапта илимий иштин негизги-дидактикалык каражаттардын жардамы менен канчалык деңгээлде адабий окуу сабактарында жомокторду окутуунун инновациялык методикасы колдонулгандыгы кенен масштабда так аныктама, так-көркөм аргументтүү мисалдар менен тастыкталып көрсөтүлгөн. ЖАКтын жобосуна ылайык ар бир баптын корутундусу берилген.

Жалпы диссертациялык иш - 182 беттен туруп, анын ичинен накта диссертациянын көлөмү 153 бетти түзүп, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар, пайдаланылган адабияттарды бириктиргенде – 182 бетти түзөт.

Негизинен, иштин мазмуну мыкты деңгээлде жазылган. Бирок иштеги аталган жетишкендиктерге карабастан мазмундук структурасына айрым толуктоолорду киргизсек, иштин илимий-теориялык жана методикалык,

структуралык бirimдиги сакталып, иштин илимий деңгээли мындан да жогоруламак деп эсептейм. Аларга токтолуп кетейин:

1. 1-бапта - диссертациянын ички мазмунун негиздеген илимий-теориялык аныктамаларга, жоболорго анализ жасалган.
2. 2-бапта – илимий иштин мазмундук, тематикалык, методикалык негизгинин ачылуусунун зарылдыгы камтылыш керек, ал процесс – дидактикалык каражаттардын жардамы менен ишке ашат. Андай болсо, бул мазмундук негиз иштеги “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” деп аталган 3-бапта илимий иштин негизги-дидактикалык каражаттардын жардамы менен канчалык деңгээлде класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жана өткөрүүнүн инновациялык методикасы колдонулгандыгы менен машстабда так аныктама, көркөм аргументтүү мисалдар аркылуу тастыкталып көрсөтүлгөндүгүн биз жогоруда белгилеп өттүк. Демек, бул жерде эки баптын (2,3түн) орун алмашышы илимий иштин структуралык түзүлүшүнүн толук кандуулугуна алып келет. Жана ал зарылдык болуп эсептелет.

Булардан сырткары диссертациянын илимий аппаратын ЖАКтын жобосуна ылайыктыштыруу зарылдыгын (сноскалар, таблицалар, адабияттарды жазуу), айрым абзацтарындагы стилдик каталарды карап чыгуу керектигин белгилеп өтөмүн.

Мындан сырткары авторефератка дагы бир топ техникалык өзгөртүүлөрдү киргизип, оңдоп коюу керек.

Жогоруда мен белгилеген сунуш-пикирлер илимий иштин ички мазмундук деңгээлине доо кетирбегендиктен, ошол эле мезгилде бул сунуштарды эске алуунун керектигин белгилөө менен диссертация ЖАКтын жобосуна ылайык жазылган деп эсептеп, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**Миңбаева К.Б., п.и.к., доцент:** Мен да диссертацияны карап чыктым. Иштин бүткөн илимий эмгек катары саноого болот. Иликтөө ЖАКтын диссертациялык изилдөөлөргө койгон талаптарына жооп берет. Материал көп берилип, кенен иштелгендиги байкалып турат, баяндамада көрсөтмөлүү слайд, таблица-схемалар даярдалып көрсөтүлдү. Негизинен, иштин мазмуну илимий теманын мазмунуна толук жооп берет. Бирок иштин сапатын жогорулатуу максатында төмөнкү сунуштарды көрсөтүүгө болот. Колдонулган адабияттардын саны көп берилип калган. Иштин актуалдуулугу бир аз кыскартылса, изилдөөнүн обьектин, предметин карап чыгуу керек. Албетте, бул биринчи талкуу. Мындай мүчүлүштүктөр болот, табигый иш. Диссертанттын ишин өз алдынча аткарылган, бүткөн иш катары эсептейм, милдеттер аткарылып, жыйынтыктар алынган.

Жыйынтыктап айтканда, Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын иши 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адисиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого алып чыгууга сунуштайм.

**Мадраимов С.М., п.и.к., профессор:** Диссертация абдан мазмундуу жазылган. Илимий эмгектеринин саны жетишээрлик. Бишкек, Ош шаарларындагы жана ЖОЖдордо уюштурулган илимий-практикалык конференцияга темага байланыштуу илимий баяндамалары менен катышып жүрөт. Негизинен иштин мазмуну алынган илимий теманын мазмунуна толук жооп берет. Айтайын дегеним, кээ бир жерлерде техникалык каталар кетип калган, ошолорду оңдоп койсоңуз. Диссертацияны бүткөн иш катары коргоого сунуштоого болот, сиздерди да колдоого чакырамын. Диссертантка ак жол каалаймын!

**Келдибай к Майрам ф.и.к., доцент:** Теманын актуалдуулугунда шек жок. Иш ЖАКтын койгон талабына жооп берет. Изденүүчүнүн тынымсыз иштеген аракети көрүнүп турат. Стилдик каталарды дагы бир жолу көздөн өткөрүп, карап чыкса деп ойлоймун. Айтылган сунуш диссертациялык иштин деңгээлине шек жаратпайт. Ийгилик каалаймын!

**Сатарова А., п.и.д., профессор:** Диссертация ЖАКтын талабына жооп берет. Эмгекти окуганда теория да, практика да камтылгандыгы менен өзгөчөлүгүн байкоого болот. Тема актуалдуу. Мектепте класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана окутуунун методдору, технологиялары жеткиликтүү берилген деп айта аламын. Бул ишти бүткөн иш катары саноого болот. Изденүүчүгө ийгилик каалоо менен, ишти коргоого сунуш кылам.

**Жыйындын төрагасы:** Анда дагы чыгып сүйлөөчүлөр жок болсо, диссертанттын жыйынтыктоочу пикирине кезек берели.

**Изденүүчү Ж.Р. Шербаева:**

Урматтуу катышуучулар! Бардыгыңыздарга менин диссертациялык ишимди талкуулоого активдүү катышып бергениңиздер үчүн, ошондой эле баалуу ой-пикир, сунуштарыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдиргим келет. Диссертациялык кеңеште жактоого чейин сиздердин берген сунуштарыңызды эске алууга аракет кылам. Рахмат.

Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын **«Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деген темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

**БҮТҮМ:**

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** «Адабий окуу» предметинде жомокторду окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыкты: жомокторду башталгыч класстарда окутуунун эволюциясы, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениш тарыхы атайын

максатта талдоого алынды; жомокторду башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлдү; жомокторду окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары анализденди; «Адабий окуу» предметинде жомокторду компетентүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, оптималдуу жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Адабий окуу предметинин программасынын жана окуу китептеринин жомокторго тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; Адабий окуу боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт; Башталгыч класстарда жомокторду окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт; Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат; Адабий окуу предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** башталгыч класста адабий окуу предметинде жомокторду окутуунун абалын аныктоо, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча изденүүчү эксперименталдык класстарда тиешелүү сабактарды өттү, заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун, интеграциялап окутуунун методикалык системасын иштеп чыкты жана практикага сунуш кылды.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү, сунуштардын негизделүү даражасы:**

Изденүүчүнүн жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары проблеманы чечүүгө карата мамиленин теориялык-методологиялык негизделгендиги, изилдөөнүн илимий аппаратынын тандалып алынган изилдөө методдоруна шайкеш келгендиги, илимий булактарга анализ жүргүзүү жана аларды практика жүзүндө колдонуу, педагогикалык - тажырыйбалык иштин натыйжалары, изилдөөнүн милдеттерине шайкеш келген изилдөө ыкмаларынын комплексин айкалыштыруу менен камсыз кылынат.

**Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши:** Изилдөөдө башталгыч мектепте адабий окуу сабагын уюштуурунун жана өткөрүүнүн методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдору иштелип чыккан. Ошондуктан «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу темадагы диссертациялык иш 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча туура келет.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

**1.Шербаева Ж.Р.,** Кыргыз эл педагогикасында жан-жаныбарларга гумандуу мамиле жасоо маселелеринин чагылдырылышы. КББА кабарлар «Этнопедагогика жана тарых: абалы жана келечеги» **республикалык илимий-практикалык конференция** Бишкек, 2013-жыл. 191-194 бет.

**2. Шербаева Ж.Р.,** Улуттук каада-салт элдин руханий байлыгы ОГПИнин Жарчысы-Ош, 2014-жыл. 128-131 бет.

**3. Шербаева Ж.Р.,** Башталгыч класстарды тарбиялоодо элдик педагогиканын элементтерин пайдалануу. Известия ВУЗОВ, №7, Бишкек, 2014-жыл. 85-88.бет.

**4. Шербаева Ж.Р.,** Элдик педагогика тарбиянын уюткусу. Ж. Баласагын атын. КУУ эл **аралык илимий-практикалык конференция** Бишкек-2014, май. 592-597

**5. Шербаева Ж.Р.,** Жомоктордун балдар психологиясына тийгизген таасири. ОГПИнин жарчысы. Илимий-усулдук журнал. №02 (12) 2015-жыл.

**Шербаева Ж.Р.,** Жомоктордун балдар психологиясына тийгизген таасири. ОГПИнин жарчысы. Илимий-усулдук журнал. 2015-жыл. №02 (12) 185-189-б.

**6. Шербаева Ж.Р.,** Башталгыч класс мугалимдерин даярдодо жомокторду окутуунун кээ бир маселелери. Известия ВУЗОВ Кыргызстана. Бишкек, 2016-№8

**7. Шербаева Ж.Р.,** Литературный кружок как форма изучения сказоки в начальной школе. Интеграция науки изображения в XXIвеке: психология, педагогика, дефектология.-2018.№2 С. 484-490

**8. Шербаева Ж.Р.,** Формирование нравственных ценностей у учащихся младших классов на примере сказок о животных. УГПУ. Уральский Филологический Вестник. №2 (27)/ Екатеринбург, 2018. С.484-490

**9. Шербаева Ж.Р.,** Место и роль народный сказки в этнопедагогике. УГПУ. Россия. Традиции и инновации в педагогическом образовании. Выпуск 4. Екатеринбург, 2018. С. 46-51.

**10. Шербаева Ж.Р.,** Кенже мектеп курактагы окуучулардын окуу иш-

аракеттеринин калыптануусуна педагогикалык мамиленин таасири. Известия ВУЗОВ Кыргызстана. Бишкек, №8. 2019-жыл. 114-118 б.
**11. Шербаева Ж.Р.,** Кереметүү жөө жомоктордун балдарды тарбиялоодогу педагогикалык шарттары. ЖаГУ Жарчысы илимий журнал. 2019-жыл. №2 (41).
**12. Шербаева Ж.Р.,** Ааламдашуу доорундагы элдик жомоктордун генезиси жана азыркы абалы. Наука, новые технологии и инновация Кыргызстана. №6, 2021, май
**13. Шербаева Ж.Р.,** Элдик жомоктордун классификациялоонун көп түрдүүлүгү. Наука, новые технологии и инновация Кыргызстана. №6, 2021, май.
**14. Шербаева Ж.Р.,** Приемы обогощения словарного запаса учащихся при изучении сказок на уроках литературного чтения. Блютень наука и практика. Россия, 2021. - №6. 505-508стр.
**15. Шербаева Ж.Р.,** Воспитательное значение сказок и методика их изучения. Блютень наука и практика. Россия, 2021.- №6. 468-471 стр.
**16. Шербаева Ж.Р.,** Специфика мира сказок в восприятии ребёнка Блютень наука и практика. Россия. 2021. №8. С. 319-324
**17. Шербаева Ж.Р.,** Толеранттулук жана кыргыз элдик оозеки чыгармаларындагы тарбия идеясы. Башталгыч класс мугалимдери үчүн усулдук колдонмо Ош, 2000-ж
**18. Шербаева Ж.Р.,** Таалим тарбия сабактары. Башталгыч класс мугалимдери үчүн усулдук колдонмо Ош, 2002-ж
**19. Шербаева Ж.Р.,** Педагогика предметтери боюнча тесттик-сынак суроолору Студенттер жана жаш окутуучуларга усулдук колдонмо Ош, 2003-жыл.
**20. Шербаева Ж.Р.,** «Педагогикалык системаны башкаруунун негиздери» курсу боюнча методикалык колдонмо. Педагогикалык окуу жайдагы студенттер үчүн усулдук колдонмо Ош, 2004-жыл.
**21. Шербаева Ж.Р.,** Сабырдуулук сабактары. Окуу-усулдук колдонмо. Студент практикант, мугалим-окутуучуларга усулдук колдонмо Бишкек, 2016-жыл.
**22. Шербаева Ж.Р.,** "Амалкөй түлкүнүн жоругу" кенже курактагы балдар үчүн жомок. Кенже курактагы балдар үчүн жомок. Ош, 2021-жыл. 35.б.

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду.

**Макул”- (20), “Каршы”- жок, “Калыс”- жок.** Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын кеңейтилген отуруму Ж.Р. Шербаеванын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» темасындагы 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» темасындагы 13.00.02.- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрагасы, п.и.д., профессор:** Б. Зулуев

**Жыйындын катчысы :** Б. Абдуллахамидова

Б. Зулуевдин жана Б.Абдуллахамидованын
*кол тамгаларын тастыктайм*
ОшМУнун Окумуштуулар
кеңешинин катчысы: Ж. Джумаева